## ПОЗДРАВЛЯЕМ С ЮБИЛЕЕМ 80 ЛЕТ!
## 80 ЖЫЛДЫК МААРАКЕҢИЗ КУТ БОЛСУН!

## ЖОРОБЕКОВ БАЙЫЗБЕК ЖОРОБЕКОВИЧ 80 ЖАШТА

Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын физика, математика, информатика жана компьютердик технологиялар кафедрасынын доценти, биология илимдеринин кандидаты Жоробеков Байызбек Жоробекович 2022-жылдын 3-майында 80 жашка чыгат.



Байызбек Жоробеков Токтогул районунун Куйбышев атындагы колхоздо - азыркы Бала-Чычкан айылында туулган. Ал 1965-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин физика-математика факультетин бүтүргөндөн кийин өзүнүн эмгек жолун ошол университетте окутуучу болуп баштаган. 1971-жылы аспирантураны бүтүрүп, И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясында илим-изилөө борборуна электрондук эсептөөчү машиналар менен иштөөчү группанын жетекчиси болуп орношкон. Б. Жоробеков медициналык академияда биринчи электрондук эсептөөчү машиналарды ишке киргизген адис болуп эсептелинет.

Байызбек Жоробекович 1980-жылы физика кафедрасында окутуучу болуп, ал эми 1989-жылы улук окутуучусу болуп дайындалган. Ошол эле жылы «Применение методов статистической классификации для исследования адаптационных свойств человека в условиях высокогорья» деген темадагы диссертациясын Алматы шаарында коргогон. Анын илимий жетекчилери дүйнөгө белгилүү окумуштуулар - академиктер А.Айдаралиев, К.Я.Волошин, М.Миррахимовдор болушкан. 1993-жылы Россиянын илим жана жогорку мектеп министрлигинин чечими менен «Программалоо жана автоматтык башкаруу системалар» кафедрасынын доценти окумуштуулук наамы ыйгарылган. 1992-1997-жылдары КММАнын компьютердик борборунун жетекчиси болуп эмгектенди.

Байызбек Джоробекович медицина тармагында илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүдө компьютердик технологияларды колдонуу боюнча медициналык кадрларды аспирантура аркылуу даярдоодо өзүнүн зор салымын кошуп келатат. Ал тарабынан 1993-жылы кандидаттык минимум тапшыруу үчүн «Информатика жана эсептөө техникасынын негиздери» курсу түзүлүп, ошол эле жылдары медакадемияда биринчи жолу «Медико-биологиялык маалыматтарды статистикалык метод менен анализдөө» доценттик курсу уюштурулган.

1992-1999-жылдары Байызбек Жоробекович мектеп окуучуларынын физика боюнча Республикалык олимпиадасынын жюри мүчөсү болуп, орто мектептер менен тыкыз иш алып барып жүрдү. Анын эмгектерин эске алып Токтогул районундагы Мүлкүбат атындагы орто мектептин информатика классына Жоробеков Байызбектин атын ыйгарышкан.

2004-жылдан 2015-жылга чейин доцент Б. Жоробеков физика, математика, информатика жана компьютердик технологиялар кафедрасын жетектеп келди. Ал 1 монография, 23 методикалык көрсөтмө жана 87 илимий макаланын автору.

Мына ушундай илимий-педагогикалык жана уюштуруучулук иштеги чын дилден жасаган эмгеги үчүн Б.Жоробеков Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Ардак грамотасы (1992), Билим берүүнүн отличниги төш белгиси (1995), Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер ардак наамы (1999), КММАга эмгек сиңиргендиги үчүн И.К.Ахунбаев атындагы Эстелик медалы (2018) менен сыйланган.

Урматту Байызбек Жоробекович, сизди 80 жаш кутман курагыңыз менен чын дилибизден куттуктайбыз! Сизге бекем ден соолук, узак өмүр, үй-бүлөлүк бакыт жана илимий-педагогикалык иштериңизде албан-албан ийгиликтерди каалайбыз!

***И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын жамааты***